## Нурмат Садыров, Мирбек Атабеков — Карагат көз

*Обону: Мирбек Атабеков*
*Сөзү: Алтымыш уулу Мирлан*

Кылыктанган, сүйгөнүм, кызыгы сен дүйнөнүн,
Эч нерсеге алмашкыс, сен жолуккан күндөрүм.
Жүрөк сен деп какканда, көкөлөймүн асманга,
Эң бактылуу күндөрүм сени менен бирге басканда.

Кайырма:
Карагат көздөрүң, карагат,
Ак сүйүүм өзүңдөн аманат.
Колумда тургансыйт жүрөгүм,
Кокустан албагын жаралап.

Аппагым, ай, аппагым, ак сүйүүмдү какпагын,
Көп кыздардын ичинен көзүм түшүп тапканым.
Ушул келген өмүрдү, өткөрөлү көңүлдүү,
Таазим кылып сүйүүгө, таптым сендей сулуу перини.

Кайырма: